Мадумарова М.К., Нурматова Й.А., Чотбаева А.А.

# ОКУТУУДА ЭТНОМАДАНИЙ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТҮ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ЫКМАЛАРЫ

Мадумарова М.К., Нурматова Й.А., Чотбаева А.А.

# МЕТОДЫ ФОРМИРОВАНИЯ ЭТНОКУЛЬТУРНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ В ОБУЧЕНИИ

Madumarova M., Nurmatova Yi., Chotbaeva A.

# METHODS OF FORMATION OF ETHNOCULTURAL COMPETENCE IN LEARNING

УДК: 37.02

Макалада учурдагы билим берүү процессинде этномаданий компетентүүлүктү калыптандыруу маселесинин актуалдуулугу каралган. Себеби көп маданияттуу коомдо адамдын инсандык сапаттарга тарбиялоо ар дайым мааниге ээ. Элдин этномаданий иденттүүлүгү, элдин тарыхындагы, маданиятындагы окуяларды билүүнүн, руханий баалуулуктарга сый мамиле жасоо, улуттук баатырларын аздектөө, нарктарын сактоо саясаты коомдун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Бул багытта этномаданий компетенттүүлүктү калыптандыруу боюнча жогорку окуу жайларда окутулган дисциплиналардын мүмкүнчүлүктөрү чоң. Ар бир дисциплинанын мазмуну жана жеке темалар, аларды окутуунун методдору жана окутуудагы жана тарбиялоодогу мааниси, болочок мугалимдерди даярдоодо өзгөчө мааниге ээ экендиги каралган. Предметтерди окутууда, студенттердин илимий ишин жүргүзүүдө жана сабактан тышкаркы иш-чараларды уюштурууда түрдүү ыкмалар жана методдорду колдонуу жагы каралган. Анын ичинен долбоорлоп окутуу боюнча айрым ойлор берилген.

Негизги сөздөр: билим берүү, компетенттүүлүк, этномаданий компетенттүүлүк, кесиптик компетенттүүлүк, көп маданияттуу коом, маданий баалуулуктар, улуттар аралык мамилелер, педагогика, психология.

В статье рассматривается актуальность вопроса формирования этнокультурной компетентности в современном образовательном процессе. Потому что в мультикультурном обществе всегда важно воспитывать личностные качества человека. Этнокультурная самобытность народа, знание событий истории и культуры народа, уважение к духовным ценностям, почитание национальных героев и сохранение ценностей являются неотъемлемой частью жизни общества. В этом направлении велики возможности дисциплин, преподаваемых в высших учебных заведениях, для формирования этнокультурной компетентности. Считается, что содержание и отдельные темы каждой дисциплины, методы их преподавания и их значение в обучении и воспитании имеют особое значение в подготовке будущих учителей. Освещен аспект использования различных методов и приемов при преподавании предметов, проведении научной работы студентов и организации внеклассной деятельности. Приводятся некоторые примеры по поводу преподавания проектирования.

Ключевые слова: образование, компетентность, этнокультурная компетентность, профессиональная компетентность, поликультурное общество, культурные ценности, межнациональные отношения, педагогика, психология.

The article deals with the relevance of the issue of formation of ethnocultural competence in the current educational process. Because in a multicultural society, it is always important to educate a person's personality traits. Ethno-cultural identity of the people, knowledge of events in the history and culture of the people, respect for spiritual values, veneration of national heroes and preservation of values are an integral part of the society. In this direction, the possibilities of the disciplines taught in higher educational institutions for the formation of ethnocultural competence are great. It is considered that the content and individual topics of each discipline, the methods of their teaching and their importance in teaching and education, are of special importance in the preparation of future teachers. The aspect of using different methods and methods in teaching subjects, conducting scientific work of students and organizing extracurricular activities is provided. Among them, some thoughts on designing and teaching are presented.

Key words: education, competence, ethnocultural competence, professional competence, multicultural society, cultural values, interethnic relations, pedagogy, psychology.

Азыркы көп маданияттуу коомдо адамдын инсандыгын өнүктүрүүнүн маанилүү бөлүгү болуп этномаданий компетенттүүлүктү калыптандыруу процесси чоң мааниге ээ. Биздин өлкөдөгү этникалык топтордун маданий баалуулуктарын, каада-салтын, нарктарын сактоо жана ага сый мамиле жасоо

саясаты коомдун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Белгилүү бир этностун этномаданиятынын баалуулуктарын колдонуу азыркы жаштардын социалдык, руханий, адеп-ахлактык өнүгүүсүнө таасирин тийгизет.

Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021-2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясы (Бишкек-2021) билим берүүнүн милдеттерин аныктайт. Кыргыз Республикасында билим берүү системасын өнүктүрүүнүн негизги артыкчылыктуу багыттарынын бирине улуттук баалуулуктар системасын калыптандырууга багыттап тарбиялоо зарылдыгы көрсөтүлгөн. Анда билим берүү менен бирге жаштарды тарбиялоодо дүйнөлүк ааламдашуу менен улуттук баалуулуктарды айкалыштыруу зарыл экендиги баса көрсөтүлгөн. Азыркы ааламдашуу доорунда улуттук баалуулуктардын жоюлуп кетүү коркунучу бар экендиги актуалдуу маселелердин бири. Биз жашап жаткан ушул коомдо улуттук баалуулуктарды сактап калуу жана анын ролун жогорулатуу маанилүү. Элдин этномаданий иденттүүлүгү анын тарыхындагы, маданиятындагы окуяларды билүүнүн, калыптанган руханий баалуулуктарга берилгендигинин, улуттук баатырларын аздектөөнүн жана улуттун эркин жашоо-турмушунун процессинде калыптанат. Этномаданий иденттүүлүктүн абалы эл тарабынан түзүлгөн социалдык-маданий чөйрө аркылуу ишке ашат. Буга үй-бүлө, мектепке чейинки балдар мекемелери, билим берүү мекемелери, улуттук маданий борборлор, журналдар жана гезиттер, көркөм жана илимий адабияттар, илимий-изилдөө жана башкаруу мекемелери жана башкалар кирет. Кыргызстан өзүнүн кең мейкиндиги, бай тарыхы жана маданияты менен гана эмес, калкынын этникалык жана диний көп түрдүүлүгү менен да айырмаланат. Көп улуттуу кыргыз элин 120дан ашык улуттун өкүлдөрү түзөт. Ушуга байланыштуу дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоонун шартында этномаданий баалуулуктарды болочок мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруу процессин күчөтүү зарылчылыгы турат.

"Этномаданий компетенттүүлүк" улуттук баалуулуктарды өздөштүргөн интеграцияланган жөндөм, инсандык сапат катары каралат. Студенттердин этномаданий калыптануусуна жана өнүгүшүнө, көп улуттуу чөйрөгө толеранттуу мамиле кылуу маданиятын тарбиялоодо мугалимдердин ролу чоң.

Билим берүүнүн сапатына жетишүүнүн маанилүү шарты болуп окуу-тарбия процессин эффективдүү башкаруу, баарынан мурда мугалимдин перспективдүү жана учурдагы пландаштыруунун жаңы формаларын активдүү колдоно билүүсү саналат. Заманбап окутууда билим берүүнүн сапатын жогорулатуу милдети турат. Бул иштин ийгилиги ар бир мугалимдин керектүү көндүмдөрдү канчалык деңгээлде өздөштүрүүсүнө жараша болот:

-компетенттүүлүккө негизделген иш-аракеттин негизинде окутууну пландаштыруу жана уюштуруу;

-билимдердин, көндүмдөрдүн, ишмердүүлүк ыкмаларынын өнүгүү деңгээлине мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасын түзүү;

-педагогикалык диагностиканы жүргүзүү;

-ар бир окуучунун иш-аракетин анын мүмкүнчүлүктөрүнүн жана жөндөмдүүлүгүнүн деңгээлине, ошондой эле мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык изилдөө, баалоо, жөнгө салуу ж.б.

Этномаданий компетенттүүлүктүн калыптандыруу проблемасына бир катар илимий изилдөөлөр арналган, мында анын мазмуну жана структурасы окумуштуу-педагогдор койгон максаттардын жана милдеттердин алкагында ар кандай методологиялык позициялардан каралган. Билим берүүдө студенттерди тиешелүү компетенттүүлүктөргө калыптандыруу максатында мугалимдер профессионалдык моделдери иштеп чыгышат. Этномаданий компетенттүүлүктү калыптандыруу боюнча жогорку окуу жайларда окутулган дисциплиналардын мүмкүнчүлүктөрү чоң. Ар бир дисциплинанын мазмуну жана жеке темалар, аларды окутуунун методдору жана окутуудагы жана тарбиялоодогу мааниси, ал илимдердин келип чыгышы жана өнүгүү тарыхы, билим берүүнүн түрлөрү, турмуштук тарбия мектебинин улуттук каада-салттары, этникалык маданияттын педагогикалык аспектилери жөнүндө жалпы предметтик компетенттүүлүктү камсыз кылган болочок мугалим үчүн билим жана көндүмдөрдүн системасы түзүлөт.

Элдик педагогика заманбап билим берүү парадигмаларына, улуттар аралык мамилелердин маданияты менен интеграцияланат. Педагогиканын тарыхы, билим берүү тармагындагы интеграциялык процесстер, өткөн жана азыркы мезгилдин педагогикалык теорияларынын өнүгүү процесси, ата мекендик билим берүүнүн алдыңкы салттары изилденет жана алынган тарыхый-педагогикалык билимдерди жана изилдөө жөндөмдөрүн колдонуу көндүмдөрү калыптанат. Тарбиялоонун жана билим берүүнүн азыркы проблемаларын талдоо, улуттук компонентти эске алуу менен алардын келип

чыгышын жана чечүү жолдорун үйрөнүлөт. Ар кандай этникалык топтордун өкүлдөрү менен социалдык-педагогикалык өз ара аракеттенүү жөнүндө билимдер калыптанат.

Психология предметинин мазмунунда азыркы мугалимдин психологиялык портрети, жекече психологиялык маданият жана ага улуттук маданияттын таасири жөнүндө билим калыптанат. Ченемдик-укуктук документтердин негизинде (билим берүүчү), улуттук компонентти эске алуу менен калыптанат. Улуттардын психологиялык түзүлүшү жана улуттук мүнөз, улуттук психологиянын салыштырмалуулугу жана тарыхы, этникалык маданияттын психологиялык аспектилери, улуттук-этникалык сезимдер, эмоциялар, улуттук өзгөчөлүк (психологиялык мүнөздөмөлөр) боюнча жалпы предметтик компетенттүүлүгүн камсыз кылуучу, болочок мугалим үчүн билим жана көндүмдөрдүн системасы түзүлөт. Ар кандай этникалык топтордун, башкача айтканда, этностук топтун психологиялык “портрети”, этностордун маданиятынын жана турмушунун психологиялык мүнөздөмөлөрү, этникалык чыр-чатактар, алардын алдын алуу боюнча маалыматтар берилет. Ал эми жалпы психологияда инсандын семантикалык чөйрөсү, инсанга психологиялык жардам көрсөтүү, анын ичинде инсандын улуттук өзгөчөлүгүнүн калыптанышы окутулат. Инсанга психологиялык жардам көрсөтүү, анын улуттук психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен шык-жөндөмдөрү калыптанат. Психологиянын тарыхы, чет элдик психологиянын азыркы абалы жана өнүгүү тенденциялары, чет өлкөдө илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн заманбап стандарттары (бардык өзгөчөлүктөр, анын ичинде улуттук өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен) жана аны көрсөтүү маданияты, ошондой эле инклюзивдик билим берүү жөнүндө билимдер жана анын өзгөчөлүктөрү үйрөтүлөт.

Келечектеги мугалимдин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандырууда психология, педагогика дисциплиналарынын потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү жогору экендигине көңүл буруу зарыл. Бирок, психологиялык-педагогикалык дисциплиналарды окутуу процессинде этномаданий компетенттүүлүктү калыптандыруунун заманбап инструменттерин ЖОЖдун окутуучулары тарабынан белгилүү бир деңгээлде пайдаланылбай жаткандыгын моюнга алуу керек. Биз жогорку окуу жайлардын студенттеринин арасында (педагогикалык багыттар боюнча) сурамжылоолорду жана анкеталарды өткөрдүк, алардын анализинин жыйынтыктары биз айткан фактыны тастыктап турат. Ошентип, бирдиктүү педагогикалык процессинде педагогикалык технологияларды максаттуу пайдалануу зарылдыгы жана билим берүүнүн адекваттуу өнүккөн системасынын жоктугу педагогикалык технологиялардын системасын иштеп чыгуу зарылдыгы маанилүү маселе экендиги аныкталды.

Болочок мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүн өнүктүрүү ыкмаларына тегерек стол, экскурсиялар, түрдүү багыттагы тренингдер, визуализация ыкмасы, баарлашуу жана талкуулоо ыкмасы, көнүгүү ыкмасы жана ачык тапшырмалар, моделдөө, долбоорлоо ж.б. методдорду колдонууга болот. Мисалы, долбоорлоо методун колдонууну карап көрөлү. Педагогикалык иш-аракеттерди долбоорлоо иши кесиптик компоненттердин бири болуп саналат. Долбоорлоп окутуунун максаты – белгилүү бир актуалдуу маселени чечүү. Долбоорду ишке ашыруу позитивдүү натыйжаларды берет. Эгерде долбоорду элдик баалуулуктарды үйрөнүү багытына бурсак, анда этномаданий долбоор деп атаганга болот. Мындай долбоорлоонун түпкү максаты студенттердин этникалык баалуулуктар системасын өздөштүрүү жана бардык этносторду позитивдүү кабыл алуу; көп маданияттуу чөйрөдө этникалык толеранттуулукту калыптандыруу; улуттук каада-салттарды, улуулардан калган нарктарды сактоо ж.б. маселелер болушу мүмкүн. Алсак, этномаданий долбоор кыргыз улуттук маданиятын изилдөөгө багытталган болушу ыктымал (кыргыз улуттук оюндарынын келип чыгышы жана оюн эрежелери менен таанышуу; кыргыз элинин салттуу майрамдары, ырым-жырымдары, жөрөлгөлөрү, элдик билимдер менен таанышуу; жоголуп бара жаткан кыргыз маданиятынын үлгүлөрүн көрсөтүү үчүн материалдарды чогултуу, элдик тыюлар, ишенимдер, ыйык жерлердин тарыхын изилдөө жана аларды коргоого алуу жана башкалар). Эң негизгиси долбоорду ишке ашырууда жетишилген натыйжа узак мөөнөттүү болууга тийиш. Студенттердин аталган багыттагы ишмердүүлүгү кийинки этномаданий багыттагы жаңы долбоорлорго жол ачат деп айтууга болот.

Студенттердин этномаданий багыты бар илимий-изилдөө иштерин уюштуруу өзгөчө маанилүү. Анткени бул жерде студенттердин илимий ишинин милдеттери белгилүү бир деңгээлде татаалдашат. Ошентип, бул милдеттерге төмөнкүлөр кирет: ар түрдүү этностордун маданияты жөнүндө билимдерди толук өздөштүрүү; улуттар аралык мамилелердин маданиятына системалуу көндүмдөрдү жайылтуу; элдик чыгармачылыкты өздөштүрүүдө аналитикалык жана чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү; этностордун маданияты боюнча теориялык маалыматтарды кеңейтүү; теориялык билимдерди практикалык колдонуу чөйрөсүнө которуу көндүмдөрүн өнүктүрүү; адистик боюнча, атап айтканда, улуттук жана аймактык маданиятка байланыштуу билимдерин өз алдынча толуктоо көндүмдөрүн

өнүктүрүү; көп улуттуу мейкиндикте кесиптик жана социалдык адаптацияга көмөктөшүү; текшерүү, элдик чыгармачылыктын темалары боюнча изилдөө иштерин жүргүзүү ж.б.

Ошентип, студенттердин илимий-изилдөө иштерин окуу жайдын окуу процессинин ажырагыс бөлүгү деп атоого болот. Эгерде студенттерге биринчи курстан баштап туура багыт берилсе, анда алар илимий билимдерди жана изилдөө ыкмаларын өздөштүрүшөт. Тактап айтканда, изилдөө планын түзгөнгө, изилдөөнү уюштурууга жана жүргүзүүгө, долбоорлоо боюнча кесиптик көндүмдөрдү өнүктүрүүгө, өз алдынча илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларын болжолдоого жана натыйжага жетүүгө үйрөнүшөт. Студенттердин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн уюштуруу менен бирге бир эле учурда алар өзүлөрүнүн багытындагы илимий изилдөөлөр менен таанышып, аларды илимий квалификациясын түзүүгө үйрөтүлөт. Бул процесстин алкагында студенттерге өзүн-өзү өнүктүрүү жана жеке потенциалы үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүктөр түзүлөт. Алар үчүн зарыл болгон билимдерди жана көндүмдөрдү алуу процесси ишке ашырылат. Ошол эле учурда студенттердин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүү келечектеги адистерди даярдоонун зарыл компоненти катары жакшы негиз болуп саналат.

Адабияттар:


1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. 1-бөлүк. – Б., 1996. – 69.
2. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Б., «Педагогика века», – 2004. – С. 276-281.
3. Беспалько В.П. Педагогикалык технологиянын компоненттери. – М., 1989. – 192 б.